***Элебесова Айгүл Бейшенакуновна***
***педагогика илимдеринин кандидаты***
***Социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясы***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

## ТАРЫХ БОЮНЧА САБАКТАН ТЫШКАРКЫ ИШМЕРДҮҮЛҮК: МАКСАТТАРЫ, УЮШТУРУЛУШУ ЖАНА БАГЫТТАРЫ

***Элебесова Айгул Бейшенакуновна***
***кандидат педагогических наук***
***Лаборатория социально-гуманитарных предметов***
***Кыргызская академия образования***

## ВНЕУРОЧНАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ПО ИСТОРИИ: ЦЕЛИ, ОРГАНИЗАЦИЯ И НАПРАВЛЕНИЯ

***Elebesova Aygul Beyshenakunovna***
***Candidate of pedagogical sciences***
***Laboratory of Social and Humanities Subjects***
***Kyrgyz Academy of Education***

## EXTRA-CURRICULAR ACTIVITIES ON HISTORY: OBJECTIVES, ORGANISATION AND DIRECTIONS

***Аннотация:*** *Бул макалада сабактан тышкаркы ишмердүүлүк сабак учурундагы окуу менен биргеликте окуучунун инсандык сапатын өнүктүрүүнүн каражаты катары индивидуалдаштыруу жана дифференцирлөө проблемасын оптималдуу чечүүнү шарттаган «сабактык-сабактан тышкаркы билим берүү» системасын түзүү жөнүндө сыпатталат. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүк мугалимдин окуучулардын индивидуалдуу кызыкчылыктарын жана шык-жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен аларды өнүктүрүүнүн жол-жоболорун жана каражаттарын изденүүсүнө стимул болот. Тарых боюнча сабактан тышкаркы ишмердүүлүктү уюштуруу окуучуларды тарых предметин тереңдетип өздөштүрүүгө багыттайт, аларда инсандык интеллектуалдык жана эмоциялык сапаттарды өнүктүрөт.*

***Аннотация:*** *В данной статье описываются внеурочные занятия в единстве с учебными, которые образуют систему «урочно-внеурочного образования», позволяющую оптимально решать проблему индивидуализации и дифференциации обучения как средства развития личности учащегося. Внеурочная работа стимулирует учителя для поиска средств и способов развития школьников с учетом их индивидуальных интересов, и способностей. Организация этих занятий по истории ориентирует на углубленное изучение предметов, развивает у учащихся интеллектуальную и эмоциональную сферу личности.*

***Annotation:*** *This article describes extra-curricular activities in unity with educational ones, which form a system of «curricular and extra-curricular education», which allows to optimally solve the problem of individualization*

*and differentiation of learning as a means of developing a student's personality. Extra-curricular work stimulates the teacher to find means and ways of development of pupils, taking into account their individual interests and abilities. The organization of these classes in history focuses on in-depth study of subjects develops intellectual and emotional sphere of personality for students.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *дифференцирлөө, индивидуалдуулук, окуучунун инсандык сапатын өнүктүрүү, сабактан тышкаркы ишмердүүлүк, сабактан тышкаркы иштер, «сабактык-сабактан тышкаркы билим берүү» системасы.*

***Ключевые слова:*** *дифференциация, индивидуальность, развитие личностного качества учащегося, внеурочная деятельность, внеурочные работы, система «урочно-внеурочного образования».*

***Key words:*** *differentiation, personality, the development of personal qualities of the student, extra-curricular activities, extra-curricular work, system of «curricular-extra-curricular education».*

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарындагы (мектеп, гимназия, лицей) бүгүнкү күндөгү көйгөйлүү проблемалардын бири – окуучулардын окууга, сабакка болгон кызыгуусунун төмөндөшү. Мындай абал мугалимдердин, деги эле жалпы коомчулуктун басымдуу көпчүлүгүн тынчсыздандырууда. Демек, республикабыздагы жалпы билим берүү тармагынын башкы максаты окуучулардын сабактарды өздөштүрүүгө кызыгуусун арттыруу болуп саналат. Бул көйгөйлүү проблеманы окуу-тарбия процессинин ажырагыс бөлүгү болгон *сабактан тышкаркы ишмердүүлүк* жана *класстан тышкаркы иштер* аркылуу чечүүгө болот. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүк базалык окуу предмети өздөштүрүлүүчү сабак менен бирдей даражадагы жана алардын өз ара бирин-бири толуктоочу компоненти болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403-токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын» (мындан ары – Стандарт) 3-главасынын («Окутуу структурасына жана процессине коюлуучу талаптар») 40-беренесинде максималдуу окуу жүгүнүн алкагындагы мамлекеттик, мектептик жана элективдик (тандоосу боюнча) компоненттердин үлүшүнө убакытты болжолдуу бөлүштүрүүнүн таблицасы берилген [5]:

| **Классы** | **Мамлекеттик компонент (%)** | **Мектептик компонент (%)** | **Тандоосу боюнча предметтер (%)** |
|---|---|---|---|
| 1–7-класстар | 90 | 10 | |
| 8–9-класстар | 80 | 20 | |
| 10–11-класстар | 70 | 20 | 10 |

Бул Стандарт боюнча, базистик окуу планынын (БОП) мамлекеттик компонентине ар бир билим берүү тарамы боюнча окуу предметтеринин киргизилиши камсыз кылынат. Ошону менен окуу планынын базалык бөлүгүн түзөт жана Кыргыз Республикасынын аймагындагы бирдиктүү жалпы орто билим берүү мейкиндигин камсыз кылат.

Базистик окуу планынын (БОП) мектептик (аймактык) компонентинде жалпы билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) алар жайгашкан аймактын (облустун) билим жаатындагы жана керектөөлөрү эске

алынган өзгөчөлүгү (профилдик багыттары), ошону менен бирге окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) макулдашылган кызыкчылыктары, мүмкүнчүлүктөрү жана керектөөлөрү чагылдырылат. Ошондуктан мектептик (аймактык) компонент жалпы билим берүүчү уюмдар (мектеп, гимназия, лицей) тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) макулдугу менен жүзөгө ашырылат.

Мектептик жана элективдик (тандоосу боюнча предметтер) компоненттердин убактысын (саатын, учурун) ийкемдүү пайдалануу окуучулардын жана алардын ата-энелеринин керектөөлөрүнө, ар бир мектептин (гимназиянын, лицейдин) жана аймактык (райондук, шаардык, облустук) билим берүү бөлүмдөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жана өнүгүү приоритеттерине жараша болот.

Жогорудагы үч компоненттин (мамлекеттик, мектептик, элективдик) үчөөндө тең сабактан тышкаркы иштер жүргүзүлүшү керек. Анткени сабактан тышкаркы ишмердүүлүк окуу процессинин ажырагыс курамдык бөлүгү болуп саналуу менен, окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандырууга, алардын предметтик окуу программаларын өздөштүрүүдө инсандык жана метапредметтик натыйжаларга жетишүүсүн камсыз кылууга багытталган. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүк окутууну тажатма салттуулуктан өзүнө тартып турган кызыктуу процесске айландырат. Окуучуларда өз билимдерин өркүндөтүүгө стимул пайда болот.

Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн эң башкы милдеттеринин бири – өз Ата Мекенинин ыйыктыгын жана улуулугун аңдап түшүнүү. Өткөн кылымдын ортосунда эле даанышман педагог В.А. Сухомлинский айткандай: «Окуучу үчүн Ата Мекен жашоонун шам чырагындай болуп турууга тийиш. Алар өздөрүн Ата Мекенине чексиз берилген, анын ишенимдүү балдарындай сезип турууга, аны баалоого жана өздөрүнүн күч-кубатына жараша анын материалдык жана руханий баалуулуктарын арттырып турууга тийиш. Бул жерде балдардын өз Ата Мекенине болгон сүйүүсү алардын алдыга койгон мүдөө-максаттары жана жашоолорунун маани-маңызы жөнүндөгү, алар өзүнүн эли-журтуна алыскы келечекте эмес, азыртан, тактап айтканда, мектепти бүтүргөндөн тартып эле келтире турган пайдасы жөнүндөгү түшүнүктөрү менен ширелишип турушу маанилүү болуп саналат» [11].

Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн аныктамаларына талдоо жүргүзүү менен, алардын айрымдарын баса көрсөтүүгө туура келет. Сабактан тышкаркы иш деп Т.А.Ильина окуучулар менен класс жетекчиси жана предметчи мугалим тарабынан жүргүзүлгөн тарбия иштерин эсептейт [4]. Т.А. Ильина [4], Е.В. Советова жана О.В. Шувалова [10] окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердүүлүгү – бул окуучуларга таалим-тарбия берүү жана аларды социалдаштыруу милдеттерин максатка ылайыктуу чечүүгө мүмкүн болгон окуу ишмердүүлүктөрүнүн бардык түрлөрүн бириктирип турган түшүнүк деп эсептешет. Чындыгында эле сабактан тышкаркы ишмердүүлүк окуу-тарбия процессинин курамдык бөлүгү жана окуучулардын бош убактыларын уюштуруу түрлөрүнүн бири болуп саналат. Андан тышкары, сабактан тышкаркы ишмердүүлүктү учурда окуучулардын керектөөлөрүн мазмундуу канааттандыруу үчүн уюштурулган ишмердүүлүк катары түшүнүү керек. Бул алардын өз алдынча өнүгүүсүн жана коомдук пайдалуу ишмердүүлүккө катышуусун шарттайт. Туура уюштурулган сабактан тышкаркы ишмердүүлүк ар бир окуучунун жашоого жөндөмдүүлүгүн, турмушту таанып билүү иш-аракеттерин калыптандыра турган, билимдерин тереңдете, кругозорун кеңейте турган жагымдуу чөйрөнү түзөт. Мындай чөйрө

окуучунун эркин өсүп жетилишин, инсандык сапаттарынын тарбияланышын камсыз кылат. Ошондуктан сабактан тышкарկы ишмердүүлүк натыйжалуу ишмердүүлүк болуп саналат.

Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн милдети окуучулардын ар түрдүү билим тармдарына жана окуп үйрөнүү ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө кызыгуусун ойготуу жана тереңдетүү, алардын шык-жөндөмүн жана талантын ачуу жана өнүктүрүү, таанып билүүчүлүк жана коомдук жигердүүлүгүн тарбиялоо, болочок кесибин тандоого, бош убактыларын маданияттуу уюштурууга жардам берүү болуп саналат. Ошентип, сабактан тышкаркы ишмердүүлүк таалим-тарбия берүү процессинин үзгүлтүксүздүгүн жана ырааттуулугун камсыз кылууну шарттап турат.

Жалпы билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) сабактан тышкаркы иштеринин тутумундагы жарандык жана патриоттук таалим-тарбия берүүдө тарыхый-коом таануучулук багыттагы сабактан тышкаркы ишмердүүлүк өзгөчө ролду ойнойт. Мындай окуу ишмердүүлүгү предметтик окуу курстарындай эле окуучуларды тарыхты жана тилди, маданиятты жана коомдук-социалдык өнүгүүнү, экономиканы, илимий көз карашты аңдап түшүнүүгө үйрөтөт, алардын билимдерин байытат, кругозорлорун кеңейтет, тарыхый-коом таануучулук предметтерге болгон кызыгуусун арттырат. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн максаты окуучулардын тарыхый-коом таануучулук предметтерден алган билимдерин тереңдетүү, таанып билүү процессин сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн мазмунун тандап алууда окуучуларга эркиндик берүү менен, кызыктуу жана өзүнө тартып ала тургандай уюштуруу болуп саналат.

Жогоруда айтылгандарды жалпылоо менен, тарыхый-коом таануучулук предметтер боюнча сабактан тышкаркы ишмердүүлүк – бул тарыхый жана коомдук тажрыйбаларды бир кыйла терең өздөштүрүү жана жигердүүлүк менен кабыл алуу боюнча окуучулардын теориялык жана практикалык иштерди жүргүзүү ыкмаларына жана көндүмдөрүнө ээ болуусу үчүн мугалимдердин зарыл болгон шарттарды камсыз кылууну уюштуруусу деп тастыктоого болот.

Демек, сабактан тышкаркы ишмердүүлүк ар дайым объективдүү мүнөздө болот. Ал төмөндөгүдөй жагдайлар менен аныкталат [6]:

- Сабакта тарыхый-коом таануучулук билимдердин айрым элементтерин жана/же бүтүндөй тарыхый-коомдук процессти окуучулардын аң-сезимдерине толук туюндурууга, жеткиликтүү түшүндүрүүгө мүмкүн болбой калат;
- Сабак учурунда мугалим окуучуларга тарыхый буюм-тайымдарды, эстеликтерди, имараттарды, курулуштарды ж.б. көрсөтө албайт;
- Сабак учурунда окуу программасында каралган темалардын жана проблемалардын баарын өздөштүрүүгө дайыма убакыт жетишпей калат;
- Тарыхый-коом таануучулук предметтерди өздөштүрүүнүн практикалык иш-милдеттери алардын сабактан тышкаркы учурларда жүзөгө ашырыла тургандыгын шарттап турат.

Илимий изилдөөлөрдө тарыхый-коом таануучулук билимдерди окутуп үйрөтүүнүн сабактан тышкаркы формаларын колдонуунун методикасы боюнча маселелер А.А. Вагиндин, И.Я. Лернердин, А.Ф. Родиндин, А.А.Рубиндин, Ю.Е. Соколовскийдин ж.б. эмгектеринде сыпатталып жазылган.

Белгилүү тарыхчы-методист А.А. Вагин: «Ийрим – сабактан тышкаркы иш-чаралардын уюштуруучу борбору катары окуу ишмердүүлүгүнүн ийкемдүү формасы болуп саналат» деп белгилейт.

А.Ф. Родиндин изилдөөлөрүнө ылайык, «тарых боюнча сабактан тышкаркы иштер деле тарых сабагынын максаттарын жүзөгө ашырууга багытталган, бирок башкача каражаттардын жана башкача материалдын жардамы менен» делип туура тастыкталган [8].

Сабактан тышкаркы ишмердүүлүк боюнча илимий изилдөө иштери жүргүзүлүп, методикалар жазылып келгендигине карабастан, заманбап коомдогу кайра түзүүлөргө, жалпы билим берүүнүн өркүндөтүлүшүнө, окуу программаларынын реформаланышына байланыштуу бул тема бүгүнкү күндө дагы актуалдуу болуп саналат.

Ошентип, жалпы билим берүүчү уюмдарда (мектеп, гимназия, лицей) окуучулар менен сабактан тышкаркы иштерди уюштуруу педагогдордун жана мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Өспүрүмдөр менен сабактан тышкары иш жүргүзүү алардын өсүп жетилүүсү жана таалим-тарбия алышы үчүн олуттуу, ал тургай, чечүүчү мааниге ээ.

Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн башкы максаттарынын бири окуучулардын өз Ата Мекенинин тарыхына кызыгуусун өнүктүрүү болуп саналат. Сабактан тышкаркы иштердин негизги милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

1. Окуучуларды өз алдынча чыгармачыл изденүүгө жана тарыхый-коом таануучулук материалдарды издештирүүгө көнүктүрүү.

2. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн негизги формалары аркылуу окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.

3. Тарыхый-коом таануучулук билимдерге арналган иш-чаралар аркылуу окуучулардын жарандык жана партиоттук сезимдерин тарбиялоо.

4. Ар кайсы тарыхый доорлордогу тарыхый окуяларды, тарыхый инсандарды, маданиятты жана турмуш-тиричиликти өздөштүрүүнү тереңдетүү.

5. Окуучулардын окуу жүктөрүн оптималдаштыруу.

Сабактан тышкаркы иштер мугалимге ар бир окуучунун кызыгуусун, шык-жөндөмүн жана мүмкүнчүлүгүн аныктоого, өз ара түшүнүшүү менен, тыгыз байланышта иштөөгө көнүктүрүүгө жардам берет. Тарбиялык иштин формасы – бул таалим-тарбия берүүнүн бул же тигил максатына жетүүгө багытталган окуучулардын индивидуалдуу жана жамааттык ишмердүүлүктөрүн уюштуруу ыкмасы.

Сабактан тышкаркы иштерди уюштуруунун формасы, Е.В. Советованын пикири боюнча, сабактардан айырмаланып турат. Алар *ийрим, секция, тегерек стол, конференция, диспут, предметтик кече, экскурсия, илимий изденүү жана изилдөө, илимий коом* ж.б. [10].

Сабактан тышкаркы иштер негизинен үч багытка бөлүнөт *(таблицаны караңыз)*.

*Тарых боюнча сабактан тышкаркы иштердин негизги багыттары*

| **Сабактан тышкаркы иштер** | | |
|---|---|---|
| **Жалпы** | **Топтук** | **Индивидуалдуу** |
| - музейлер<br>- кечелер; викториналар;<br>- конкурстар;<br>- жумалыктар;<br>- экскурсиялар;<br>- фильмдерди көрүү;<br>- олимпиадалар;<br>- конференциялар. | - ийримдер;<br>- коомдор;<br>- гезиттерди жана журналдарды чыгаруу;<br>- факультативдер;<br>- тегерек столдор;<br>- семинарлар. | - долбоорлорду түзүү;<br>- рефераттарды жана докладдарды жазуу;<br>- чыгармачылык тапшырмаларды аткаруу. |

Сабактан тышкаркы иштердин негизги багыттарына мүнөздөмө берүү үчүн алардын ар бирине кеңири токтолууга туура келет.

*Сабактан тышкаркы жалпы иштер* бир кыйла кеңири таралган иш-чаралардан болуп саналат. Булар бир эле учурда көптөгөн окуучулар камтылган, салтанаттуулук, шаңдуулук жана эмоциялуулук мүнөздүү болгон, окуучулар үчүн жагымдуу маанай түзгөн иш-чаралар. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн жалпы формаларына *музейлер, кечелер, викториналар, конкурстар, жумалыктар, экскурсиялар, фильмдерди көрүү, олимпиадалар жана конференциялар* кирет.

Тарыхка болгон кызыгууну, тарыхый жана маданий эстеликтердин баалуулуктарын аңдап түшүнүүнү, даңктуу жердештеринин даңазалуу иштери менен сыймыктанууну тарбиялоо – мектептик тарых музейинин жана жергени таануу музейинин негизги милдеттеринин бири экендигин белгилеп көрсөтүшкөн тарыхчы-методисттер Д.Г. Григорьев жана П.В. Степанов [2].

Мектептик *тарых музейи* жана *жергени таануу музейи* окуучулардын жарандык парз жана жоопкерчилик сыяктуу инсандык сапаттарынын патриоттуулук жана жарандуулук сезимдин таасири астында калыптандырылышын шарттап турат, өспүрүмдөрдү социалдык жактан маанилүү ишмердүүлүккө аралаштырат.

*Кечелер* – сабактан тышкаркы иштердин бир формасы. Кечелердин формалары жана темалары ар түрдүү болот. Алар формасы боюнча предметтик жана даталык болуп бөлүнөт. Предметтик кечелер окуу программасындагы проблемалуу темалар боюнча уюштурулат. Ал эми даталык кечелер белгилүү даталарга, майрамдарга арналып өткөрүлөт. Мисалы, мугалимдер күнүнө, Жаңы жылга, Ноорузга, Эгемендик күнүнө, Конституция күнүнө карата.

Кечелер окуучулардын ар тараптуу өнүгүшүнө өбөлгө болот, кругозорун кеңейтет, алардын өз алдынча ой жүгүртүүлөрүн, билим алууга болгон эңсөөлөрүн ойготот. Кечелер – окуучулардын бош убактыларын акыл-эстүүлүк менен өткөрүүнү уюштуруунун, интеллектуалдык демилгелерин ойготуунун каражаты. Кечелерде окуучулар докладдар менен чыгып сүйлөшөт, окуудагы жана сабактан тышкаркы ишмердүүлүктөрдөгү жетишкендиктер тууралуу ой бөлүшүшөт. Тематикалык *викториналар* жана интеллектуалдык *конкурстар* өткөрүлөт. Викторина жана конкурс – бул интеллектуалдык марафон.

*Предметтик жумалыктар* предметчи мугалимдердин методикалык бирикмелеринин жетекчилиги менен жыл сайын өткөрүлөт. Предметтик жумалыктын максаты – окуучулардын таанып билүүчүлүк жана чыгармачылык жигердүүлүктөрүн өнүктүрүү, мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу. Предметтик жумалыктын милдеттери: окуучулардын предметти өздөштүрүүгө болгон кызыгуусун арттыруу, аларды өз алдынча чыгармачыл ишмердүүлүккө тартуу; окуучулардын тапкычтык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, зээндүү балдарды колдоого алуу; мугалимдердин кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу.

Окуу ишмердүүлүгүнүн формасы катары *экскурсиянын* өзгөчөлүгү анын убакыт менен катуу чектелбегендиги. Экскурсиянын башкы маани-маңызы – окуучулардын предметтерди жана көрүнүштөрдү табигый абалда кабыл алуусу, тарыхый жайлар, эстеликтер, музейлер менен жеринде таанышуусу. Экскурсиялар төмөнкүдөй болуп бөлүнөт: окуу программалары боюнча – программалык жана программадан тышкаркы; окуу предмети боюнча – тарыхый, коом таануучулук, ботаникалык, зоологиялык ж.б.; мазмуну боюнча – тематикалык жана аралаш; өздөштүрүлүп жаткан материал боюнча – киришүү, өздөштүрүү, жыйынтыктоо ж.б.

Окуу предметинин мазмунуна жараша мугалим жаратылыштык, өндүрүштүк жана/же маданий экскурсиялык объекттерди аныктайт. Андан кийин анын планы түзүлөт жана көрсөтмөлөр берилет. Окуучуларга экскурсия учурунда өзүн кандай алып жүрүү, өз алдынча байкоо жүргүзүү жана тийиштүү иштерди (коллекция үчүн материал топтоо, керектүү маалыматтарды жазып алуу, сүрөтүн тартуу ж.у.с.) аткаруу керектиги жөнүндө түшүндүрүп айтылат. Мугалим окуучуларга тийиштүү материалды кайталап окуу жана экскурсиялык объект тууралуу кошумча маалыматтарды окуп билүү тапшырмасын берет.

Предметтик экскурсиялардын окуучулардын таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүн жигердендирүүдөгү *максаты* жана *милдеттери:*

- окуучулардын кругозорун кеңейтүү;
- таанып билүү ишмердүүлүгүн жигердендирүү;
- предмет боюнча билимдерин тереңдетүү; предметке кызыгуусун арттыруу;
- окуу предметинин практикалык жактан маанилүүлүгүн түшүнүүлөрүн шарттоо;
- кесиптик жактан багыттоо;
- окуу процессин ар түрдүүлөнтүү, байытуу, жандандыруу;
- сабактын алкагын кеңейтүү;

Экскурсияга *даярдык көрүү:*

- экскурсияны пландаштыруу, уюштуруу маселелерин чечүү;
- экскурсиянын темасы боюнча материалдарды өздөштүрүү;
- экскурсиянын темасы боюнча окуучулар үчүн тапшырмаларды аныктоо;
- окуучуларды экскурсияга теориялык жактан даярдоо;
- окуучуларды экскурсия жөнүндө пикир жазууга даярдоо;
- окуучуларга экскурсия учурундагы жүрүм-турум эрежелерин түшүндүрүү.

*Предметтик олимпиада* – жалпы билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын бир же бир нече билим тарамдары (предметтер) боюнча билимдерин, билгиликтерин жана көндүмдөрүн демонстрациялоону талап кылган билим жарышы (мелдеши). Олимпиадалар ачылыш аземи жана жыйынтыгында мыктыларына сыйлыктар бериле турган салтанаттуу жабылыш менен коштолот.

Предметтик олимпиаданын максаты – ар бир окуучуга өзүнүн талантын көрсөтүүгө жана андан ары өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берүү, олимпиадада жеңип чыккан окуучуларга максаттуу колдоо көрсөтүү. Бүтүрүүчү класстар үчүн – олимпиаданын жыйынтыктоочу этабында жеңип чыккандарды каалаган жогорку окуу жайына экзаменсиз кабыл алуу.

Предметтик олимпиадалар райондук/шаардык, облустук жана республикалык болуп баскычтуу тартипте өткөрүлөт. Олимпиадалардын башкы милдети баарынан көптү билген, билими баарынан күчтүү, предметтик эле эмес, жалпы маданий кругозору кенен, иш билги, компетенттүү окуучуларды аныктоо болуп саналат.

*Конференцияларда* предметти илимий жактан изилдеп-иликтөө ишине окуучулардын – өсүп жетилип келе жаткан өспүрүмдөрдүн – көңүлүн буруу үчүн, ошондой эле бул проблемалар боюнча кызыкдар окуучулар, мугалимдер, студенттер жана окумуштуулар арасында дискуссиянын көтөрүлүшү үчүн ыңгайлуу жагдай түзүлөт. Конференциялар биздин замандын адамынын көп маданияттуу компетенттүүлүгүн, толеранттуулугун калыптандырууга жана рухий дөөлөтторүн өнүктүрүүгө түрткү болот.

Тарыхый-коом таануучулук конференциялар окуучулардын өткөндөгү жана ошондой эле азыркы учурдагы коомдогу тарыхый, маданий жана социалдык-экономикалык өнүгүүлөргө кызыгууларын тереңдетет, өз ал-

дынча ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрөт жана аткарган иши үчүн жоопкерчиликтүү болуу сезимдерин калыптандырат.

Кеңири таралган сабактан тышкаркы топтук иштерге *предметтик ийрим, коом, гезит жана/же журнал чыгаруу, факультатив, тегерек стол, семинарлар* кирет.

*Предметтик ийрим* сабактан тышкаркы иштердин системалуу түрүнө кирет. Предметтик ийримдеги окуу ишмердүүлүгү сабак учурунда алынган билимдерди тереңдетип өздөштүрүүнү шарттайт, окуучунун предметке болгон кызыгуусун арттырат, изилдөө көндүмдөрүн жана практикалык иш билгиликтерин калыптандырат. Предметтик ийрим окуучулардын туруктуу курамы менен материалды узак убакыт (3 сааттан тартып бир нече айга чейин жана жылдан жылга улантып) тереңдетип өздөштүрүүгө, тематикалык изилдөө иштерин жүргүзүүгө эсептелинет. Предметтик ийримдердин мүчөлөрү жалпы таалим-тарбия берүүчү иш-чараларга, предметтик билим жумалыктарына, тематикалык кечелерге, конкурстарга, олимпиадаларга катышышат, дубал гезиттерин, радио берүүлөрдү, альманахтарды чыгарышат, тегерек столдорго, семинарларга жана конференцияларга катышышат, аларды уюштурушат. Булардын баардыгы окуучулардын билимдерин тереңдетет, кругозорлорун кеңейтет жана чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт.

Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктө окуучулар менен иштөөнүн индивидуалдуу формасы кызыктуу да, түйшүктүү да болуп саналат. *Индивидуалдуу иш* коюлган максатка окуучунун өз алдынча изденип жетүүсүн шарттайт; бул – анын билбөөдөн билүүгө чейинки кыймылы, иш-аракети, билимдердин зарыл болгон көлөмүн жана деңгээлин калыптандыруусу, ишти өз алдынча уюштуруу жана өзүн кармай билүү, сабырдуу болуу көндүмдөрүнө ээ болуусу.

Окуучунун *өз алдынча иши* окуу ишмердүүлүгүнүн өзгөчө түрү болуп саналат. Ал мугалимдин жетекчилиги астында, бирок анын түздөн-түз кийлигишүүсүз жүрөт, анткени бүгүнкү күндүн окуучусунун керектөөсүнө, окууга болгон муктаждыгына мына ушундай иш гана бир кыйла жогорку деңгээлде жооп берет. Буга рефераттарды жана докладдарды жазуу, илимий долбоорлорду түзүү, илимий макалаларды жазуу, чыгармачылык менен иштөө иштери кирет.

Жыйынтыктап айтканыбызда, сабактан тышкаркы ишмердүүлүк сабак учурундагы окуу менен биргеликте окуучунун инсандык сапатын өнүктүрүүнүн каражаты катары индивидуалдаштыруу жана дифференцирлөө проблемасын оптималдуу чечүүнү шарттаган *«сабактык-сабактан тышкаркы билим берүү» системасын* түзөт. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүк мугалимдин окуучулардын индивидуалдуу кызыкчылыктарын жана шыкжөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен аларды өнүктүрүүнүн жол-жоболорун жана каражаттарын изденүүсүнө стимул болот. Тарых боюнча сабактан тышкаркы ишмердүүлүктү уюштуруу окуучуларды предметти тереңдетип өздөштүрүүгө багыттайт, алардын инсандык интеллектуалдык жана эмоциялык чөйрөсүн өнүктүрөт. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүккө катышкан окуучу социалдык жана инсандык маанилүү жана үзүрлүү ишмердүүлүккө тартылуу менен, өзүн инсан катары өнүктүрүп жетилтет.

**Адабияттар:**


1. Вагин А.А. Методика обучения истории в школе. – М., 1972. – 132 б.
2. Григорьев Д.В. Внеурочная деятельность школьников. Методический конструктор: пособие для учителя / Д.Г. Григорьев, П.В. Степанов. – М.: Просвещение, 2011. – 233 б.
3. Даровских И.С. Внеурочная деятельность по истории: цели, организация, направления работы в современных условиях // Современные проблемы науки и образования. – 2014. – № 4.
4. Ильина Т. А. Педагогика: курс лекций / Учеб. пособие для пед. ин-тов / Т.А. Ильина. – М., 1984. – 495 б.
5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүчү стандартын бекитүү жөнүндө» № 403-токтому».
6. Моделируем внеурочную деятельность обучающихся. Методические рекомендации: пособие для учителя общеобразоват. Учреждений / [Ю.Ю. Баранова, А.В. Кислякова, М.И. Солодкова и др.]. – М., 2013. – 96 б.
7. Родин А.Ф. Массовые формы внеклассной работы по истории. – М., 1961.
8. Родин А.Ф. Соколовский Ю.Е. Экскурсионная работа по истории. – М., 1974. – 134 б.
9. Рубин А.А. Юрченко З.В. Внеурочная работа по общественным предметам. // Преподавание истории в школе. – 1991. – N5 – 102–107-бб.
10. Советова Е.В. Система воспитательной работы в школе / Е.В. Советова, О.В. Шувалова. – М., 2008. – 32 с.
11. Сухомлинский В.А. Избранные педагогические сочинения в 3 т., т. 1. – М., 1979.


***Рецензент: п.и.к., доцент***
***Иманкулов М.К.***